**Б.1.1.5 Манас таануу**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерде манас таануу боюнча комплекстүү билимдерди калыптандыруу, аларды «Манас» эпосунун жаралуусу, жайылуусу, жазылып алуусу, изилденүүсү жөнүндө билимдерге ээ кылуу, аларга манас таануунун азыркы коомдогу маанисин түшүндүрүү.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| **Түрмөгү жана коду** | **Семестри** | **Эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | **Баардыгы (сааттарда)** | **Аудиториялык иштин көлөмү (саат)** | | | **СӨИ** | **Аттестациялоо формасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Дарс** | **Прак. сабак** | **Лаб иш** | | |
| Б.1.1.5 | 1 | 2 | 60 | 16 | 16 | | 28 | зачет |

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студент жалпы билим берүүчү орто мектепте кыргыз адабияты предмети боюнча алган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө таянат.

**Кыскача мазмуну:** Манас таануу илимине киришүү. «Манас» эпосунун дүйнөлүк маданияттынкөөнөрбөс үлгүлөрүнүн ичинен теңдеши жок экендиги. «Манас» эпосу улуттукидеологиянын башаты болушу. Кыргыз Республикасынын «Манас» эпосу боюнча мыйзамынын кабыл алынышы, анын тарыхый мааниси. Кылымдарды карыткан тарыхы бар эпикалык чыгарманын фольклористика илиминде фундаменталдуу изилдениши: «Манас» эпосунун тарыхый доорлору, эпостун жалпы структурасы, эпостун тарыхый, этнографиялык, философиялык, дегеле культурологиялык мааниси, манасчылык өнөрдүн табияты, манасчылардын мектептери, эпостогу каармандардын образдары, эпостун поэтикасы маселелеринин комплекстүү каралышы. «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун канондук сюжети. Андагы адамзаттык бийик идеялар: Ата Журт, анын боштондугу үчүн күрөш, элдин биримдик-бүтүндүгү, акыйкатуулукка, адилеттүүлүккө негизделген достук, Ата Журттун мүдөөлөрү, калайык калктын жогорку кызыкчылыктарын көздөө, Мекен алдындагы ыйык парз, абийир, ар-намыс үчүн күрөш, ата-баба салтын аздектөө, адамкерчиликтүүлүк, толеранттуулук, ак-караны таануу. Эпостогу улуттук педагогика, менталитет, этика жагдайын кенен талдоо. Жаш муундардын инсан болуп калыптанышында эпостун тарбиялык таасири.  «Манас» үчилтигинин сюжеттеринин искусствонун түрдүү жанрларында иштелип чыгышы. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндө «Манас» эпосунун саясий-идеологиялык мааниси.